КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЧҮЙ ОБЛУСУ

КАРА-БАЛТА ШААРДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЧУЙСКАЯ ОБЛАСТЬ

КАРА-БАЛТИНСКИЙ
ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ

# КАРА-БАЛТА ШААРДЫК КЕҢЕШИНИН ТОКТОМУ

«30» сентябрь 2026-ж. № 24 Кара-Балта ш.

## «ДСУ» муниципалдык ишканасы тарабынан өндүрүлүүчү асфальт-бетон жабуусунун наркын бекитүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Мыйзамынын 34-беренесине ылайык, «ДСУ» муниципалдык ишканасынын асфальт-бетон заводу тарабынан өндүрүлүүчү продукциянын бааларын тартипке келтирүү жана өндүрүштүк кубаттуулуктарды натыйжалуу пайдаланууну камсыз кылуу максатында, Кара-Балта шаарынын мэриясынын 2026-жылдын 25-августундагы №01-5/4054 кайрылуусунун негизинде, Кара-Балта шаардык кеңешинин сессиясы токтом кылат:

1. «Жол курулуш башкармалыгы» муниципалдык ишканасы тарабынан сунушталган, асфальт-бетон заводу өндүрүп чыгарган продукциянын баалары төмөнкү тизмеге ылайык жактырылсын:

1.1. Коммерциялык уюмдар жана башка жактар үчүн:

- асфальт-бетон жабуусу — 1 тоннасы үчүн 6 500,00 (алты миң беш жүз) сом;

1.2. Мамлекеттик мекемелер үчүн:

- асфальт-бетон жабуусу — 1 тоннасы үчүн 6 200,00 (алты миң эки жүз) сом;

2. Бул токтом Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция Министрлигине жөнөтүлсүн.

3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө бюджет, муниципалдык менчик, турак жай-коммуналдык чарба жана инвестициялар боюнча туруктуу депутаттык комиссияга,ошондой эле Кара-Балта шаарынын мэриясына тапшырылсын.

---

**Таркатылсын:** иш кагаздарына, Кара – Балта ш. мэриясына, МИ “ДСУ”, КР ЮМга.

Кеңештин төрагасы М. Дуйшеналиев